# ВАКАНСИЯЛАР!!

6, 10-15-беттер



mmkyzmat@gmail. com; mmkyzmat@mail.ru

ММ Кызмат

МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК

№ 45-46 (221) 3-октябрь, 2017-ж.

МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАСЫЛМАСЫ

## АЛМАЗБЕК АТАМБАЕВ: ТУРУКСУЗДАШТЫРУУ АРАКЕТТЕРИНЕ КАТУУ БӨГӨТ КОЮЛАТ



Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевдин төрагалыгы алдында Коопсуздук кеңешинин тар курамдагы жыйналышы өткөрүлдү. Жыйналыштын жүрүшүндө өлкөдөгү Президенттикке талапкерлер үгүт кампаниясын өткөрүү мезгилинде өлкөдөгү кырдаал жана массалык башаламандык жана бийликти күч менен басып алуу аракеттерине шектелип Жогорку Кеңештин депутатынын кармалышына байланыштуу биринчи кезекте улуттук коопсуздукту камсыз кылуу маселелерине басым жасоо менен президенттик шайлоолорго даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча чаралардын комплекси тууралуу маалымат угулду.

Президент Алмазбек Атамбаев укук коргоо органдары шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү мезгилинде жана президенттик шайлоолор өткөрүлгөн күнү коомдук тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрүүгө тийиш деп баса белгиледи.

“Алдыдагы Президенттик шайлоолордун шарттарында өлкөдө тынчтык жана ынтымакташтык биз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Биз өлкөбүз үчүн абдан маанилүү мезгилде эч бир провокацияга жол бербей, тынчтыкты жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүүбүз. Эгерде башаламандык уюштуруу аракеттери аныкталса, мыйзам боюнча сөзсүз түрдө катуу жазага тартылышын кепилдик кылуу керек. Мамлекеттин кызыкчылыгы жана анын келечеги үчүн шайлоо алдында өлкөдө кырдаалды туруксуздаштыруунун ар кандай аракеттерине катуу бөгөт коюлат”, - деди Алмазбек Атамбаев.

## ЧЕК АРА ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ РАТИФИКАЦИЯЛАНДЫ

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев “2017-жылдын 5-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын ортосундагы кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду.

Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2017-жылдын 28-сентябрында кабыл алынган. Бул Макулдашуунун жоболору менен кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын 1 170,53 километри аныкталды.

КРнын Эсеп палатасынын төрагасы Улукбек МАРИПОВ:

## МЫЙЗАМСЫЗ ПАЙДАЛАНЫЛГАН БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАР 323,9 МИЛЛИОН СОМДУ ТҮЗГӨН



5-бетте

**Эсеп палатасы тарабынан 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында 867 аудит объектисине аудит жүргүзүлгөн, анын ичинен: бюджеттик мекемелерде – 540, чарба жүргүзүүчү объекттерде – 129, жана башка уюмдарда – 1, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелерде жана уюмдарда – 197.**

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС

НА ЗАМЕЩЕНИЕ ВАКАНТНЫХ АДМИНИСТРАТИВНЫХ ГОСУДАРСТВЕННЫХ ДОЛЖНОСТЕЙ



12, 13 стр.

КРнын Эсеп палатасынын төрагасы Улукбек МАРИПОВ:

# МЫЙЗАМСЫЗ ПАЙДАЛАНЫЛГАН БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАР 323,9 МИЛЛИОН СОМДУ ТҮЗГӨН



**- Улукбек Асамидинович, Сиздердин тармакта коррупцияга каршы иш жүргүзүү боюнча берилген тапшырмалар кандай аткарылууда?**

- КРнын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы "Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө" жана 2013-жылдын 12-ноябрындагы "Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыктарынын негизинде өлкөбүздө коррупция менен күрөшүү боюнча стратегиялык багыттар аныкталып, тиешелүү тапшырмалар коюлган.

Эсеп палатасынын 2016-жылдын башында шайланган аудиторлорунун жаңы курамы өз ишибизди таза, так, натыйжалуу аткарууну ураанбыз катары кабыл алганбыз.

Мамлекет башчыбыз, Алмазбек Шаршеновичтин системалык коррупция менен күрөшүү жана тазалануу боюнча койгон талаптарын ишке ашырууну негизги приоритеттүү багыттардын бири катарында белгилеп алдык. Эсеп палатасынын "Коррупцияга каршы иш-чаралар планы" бекитилген.

Коррупция менен күрөшүү жана алдын алуу боюнча өткөрүлүүчү конкреттүү иш-чараларды камтыйт. Ченемдик жана тескөөчү документтердин долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертизаны жайылтуу, Эсеп палатасынын колдонуудагы ченемдик документтерин инвентаризациялоо боюнча иш-чаралар жүрүп жатат.

Эсеп палатасынын аудитордук ишинде коррупциялык аймактарды жана тобокелдиктерди аныктоо, аларды четтетүү боюнча, ошондой эле мониторинг жана баалоо жүргүзүү методологиясын өздөштүрүү боюнча иштер жүрүүдө.

Эсеп палатасынын Кеңешинин жаңы курамы тарабынан 2016-2020-жылдарга Эсеп палатасынын стратегиялык планы бекитилип, анда палатанын ишинин келечектүү багыттары аныкталган.

Ушул жылдын 1-январынан баштап аудитордук иш-аракетти жүзөгө ашыруунун тармактык принциби иштей баштады жана Эсеп палатасынын түзүмүн оптималдоо жүргүзүлдү.

Укук коргоо органдары тарабынан негизсиз текшерүүлөрдү кыскартуу боюнча да бир топ жакшы жылыштар болду. Бардык укук коргоо органдары тарабынан келген токтомдорду атайын юридикалык кароодон өткөрүп, андан кийин мыйзамдуу токтомдор боюнча гана текшерүүлөр жүргүзүлүүдө.

Биздин демилгебиз, Коопсуздук кеңешинин катчылыгынын жардамы аркылуу, коррупцияга каршы саясаттын мамлекеттик стратегиясы, коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу, кызыкчылыктардын талаш-тартышы темасында тренинг өткөрүлдү.

Жарандык сектор алдында ачыктык жана айкындуулук саясатын алдыга жылдыруу максатында Эсеп палатасы отчёттору, пресс-релиздерди жана маалыматтары мекеменин веб-сайтына жайгаштырып турат.

Коррупциялык тематикага карата социалдык роликтер даярдалып, алар үстүбүздөгү жылы КТРК жана ЭлТР телеканалдарында көрсөтүлгөн. Ошондой эле, роликтерди Интернет тармагынан – Эсеп палатасынын Youtube видео блогундагы каналынан, Facebook жана Twitter социалдык тармактарынан көрүүгө болот.

Мындан сырткары, коомчулук менен байланышты күчөтүү максатында "Ишеним телефону" иштей баштады. Мобилдик номери 0 (555) 500-985. Чалуулар «Кыргызтелеком» ААКсынын абоненттери, анын ичинен республиканын региондорунда жашаган жарандар үчүн акысыз. Жогорудагы телефонго кошумча 0 (557) 500-737 номерине WhatsApp аркылуу кайрылса да болот.

**- Ушул жылдын башынан бери канча мамлекеттик жана муниципалдык органдарга аудит жүргүзүлдү?**

- Эсеп палатасы тарабынан 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында 867 аудит объектисине аудит жүргүзүлгөн, анын ичинен: бюджеттик мекемелерде - 540, чарба жүргүзүүчү объекттерде – 129, жана башка уюмдарда – 1, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелерде жана уюмдарда – 197.

Кошумча маалымат катарында айтып кетсем, 2016-жылы 3051 аудит объектисине аудит жүргүзүлгөн, анын ичинен: бюджеттик мекемелерде - 2263, чарба жүргүзүүчү объекттерде – 399, жана башка уюмдарда – 34, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекеме-уюмдарда – 355.

**- Кайсыл органдарда мамлекеттик бюджеттик акчаларды максатсыз пайдаланылып жаткандыгын тактадыңыздар?**

- 2016-жылдын жыйынтыктары боюнча максатсыз пайдаланылган бюджеттик каражаттардын жалпы суммасы 323,9 млн сомду түзгөн. Максатсыз пайдаланылган бюджеттик каражаттардын ири суммалары төмөндөгү мамлекеттик органдарда аныкталган: КРнын Транспорт жана жол министрлигинде – 38,6 млн сом, Өкмөткө караштуу Жаштар иши, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинде – 5,6 млн сом, Билим берүү жана илим министрлигинде – 2,3 млн сом, Өкмөткө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматында – 2,2 млн сом, Өкмөткө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда – 1,4 млн сом, КРнын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинде– 982,0 миң сом, Айыл чарба, тамак аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинде – 883,4 миң сом.

**- Сарамжалсыз пайдаланылган каражаттардын канчасы өндүрүлдү?**

- "Сарамжалсыз пайдаланылган каражаттар" Эсеп палатасынын аудитордук ишинин жыйынтыктарынын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 868,3 млн сомду түзгөн. Анын ичинен 165,1 млн сом калыбына келтирүүгө тийиш. Азыркы убакта 151,5 млн сом (өткөн жылдардагы калдыктарды эсепке алуу менен) калыбына келтирилди.

**- Кадрлар менен иштөөнү жакшыртуу боюнча кандай чаралар көрүлүүдө?**

- Белгиленген иш-чаралардын натыйжасы ийгиликтүү болуусу, албетте, кадрлардын кесипкөйлүгүнүн деңгээлине көз каранды. Ошондуктан Эсеп палатасы кызматкерлеринин кесипкөйлүк деңгээлин өсүүсүнө өзгөчө көңүл буруп, алардын үзгүлтүксүз билим алуусуна шарт түзүп берет. Адам ресурстарын башкаруу тутумун өнүктүрүүнүн маанилүү кадамы болуп, 2016-жылдын сентябрында 2016-2020-жылдарга КРнын Эсеп палатасынын адам ресурстарын өнүктүрүү стратегиясын кабыл алуу болуп калды.

«Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КРнын Мыйзамынын кабыл алынышы менен, бул Стратегияны ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишине баалоо жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо бекитилген, ал 2016-жылдын аягында колдонууга киргизилген. Квартал сайын жүргүзүлгөн баалоо, кызматкерлердин кызматтык милдеттеринин толук жана натыйжалуу аткаруу деңгээлин аныктайт, ошондой эле квалификациясын жогорулатуу талабын аныктайт.

Жыл башынан бери Эсеп палатасынын кызматкерлерин окутуу планына ылайык, мамлекеттик башкаруу, 1С маалыматтык тутумунда иштөө, Эсеп палатасы тарабынан иштелип чыккан методикаларды практикалык жактан колдонуу жана башкаларды камтуу менен, ар кандай тематикаларда бир катар окутуу семинарлары жана тренингдер Эсеп палатасы тарабынан өткөрүлгөн. Мындан сырткары, кызматкерлер INTOSAI, ASOSAI жана башка финансылык контролдоонун жогорку органдарынын эл аралык кызматташтык боюнча уюмдары тарабынан уюштурулган семинарларга катышып турушат.

**Сайпидин СУЛТАНАЛИЕВ**

**РЕЗЮМЕ**

*Улукбек Марипов 1979-жылы Ноокат районуна караштуу Кыргыз-Ата айылында туулган. Оштогу техникалык университетин бүтүргөн. Ош мамлекеттик университетинен финансы жана кредит, юриспруденция адистиги боюнча аяктаган.*

*Эмгек жолу: 1997-2001-жж. "Кызыл Кетмен" дыйкан чарбасынын жетекчиси. 2001-2002-жж. КР Каржы министрлигинде жетектөөчү адис. 2002-2003-жж. Каржы министрлигинин кирешелер боюнча комитетинин төрагасынын жардамчысы. 2003-2005-жж. Баткен облусунун губернаторунун жардамчысы. 2005-2006-жж. Жогорку Кеңештин депутатынын консультанты. 2006-2008-жж. Президенттин администрациясынын уюштуруу иштери, көзөмөлдөө жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнүн эксперти. 2008-2009-жж. Президенттин администрациясынын уюштуруу жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүндө мамлекеттик инспектор. 2010-ж. КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин эл аралык кызматташуу башкармалыгынын жетекчиси. 2010-2011-жж. КРнын Өкмөтүнүн аппаратынын уюштуруу-инспектордук жана аймактык башкаруу бөлүмүндө инспектор. 2011-2015-жж. КРнын Президентинин жардамчысы. 2015-2016-жж. КРнын Президентинин аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары болуп иштеген. 2016-жылдын мартынан КРнын Эсеп палатасынын төрагасы болуп иштеп келе жатат.*

*Мамлекеттик кызматтын III класстагы кеңешчиси, мамлекеттик кызматтын отличниги.*

**Коррупция**

## ДИРЕКТОР КОРУПЦИЯГА ШЕКТЕЛҮҮДӨ

**Башкы прокуратуранын билдиргенине караганда, Дмитриевка айылындагы орто мектептин мурдагы директору К.М. 2016-жылдын июнь айынан 2017-жылдын сентябрь айына чейин Ш.О. аттуу мугалим жана башкы эсепчи К.Н. менен сүйлөшүп алып, мектепти текшерүү үчүн келген аудиторго берилет деген шылтоо менен мугалимдерден 500 сомдон чогулткан.**

Ошондой эле мектептин ремонтуна деп окуучулардын ата-энелери тарабынан чогултулган 180 миң сомдун, болгону 84 миң сому бөлүнүп берилген. Андан сырткары канцелярдык товарлар үчүн айыл өкмөт тарабынан берилген 183 миң сом да өз максатында колдонулган эмес.

Ысык-Ата райондук прокуратурасы мектептин мурдагы директору К.М., мугалими Ш.О., башкы эсепчи К. Нга карата Кылмыш-жаза кодексинин 304 (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) жана 171 (ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу) беренелери боюнча кылмыш ишин козгоду.

**С. СУЛТАНАЛИЕВ**